# НАРЫН БОЮНЧА БАЙЫРКЫ ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ МААЛЫМАТТАР

**ДӨКӨНОВ Р.Т.**
biblionsu@rambler.ru

Азыркы Кыргызстандын территориясындагы байыркы адамдар жашаган коомдун тарыхындагы биринчи археологиялык эстеликтердин ичинде дүйнө жүзүндө белгилүү болгон палеолит дооруна таандык Тенир-Тоонун тоолорунун арасында Он-Арча суусунун Көк-Торпок жайлоосуна багытталган жээктеринен алгачкы уруу пайда болгонго чейинки б.з.ч. 300-200 миң жылга таандык таштан сомдолгон эмгек куралдары табылган. Бул тарыхый эстелик Санкт-Петербургда Эрмитажда сакталуу. Мындай тарыхый эстеликтер дүйнө элдеринин алгачкы тарыхын тастыктаары талашсыз. Бул мезгилде жашаган адамдар маймыл сымал адамдардын ошол топтон бөлүнүп чыгуу мезгилине таандык. Алгачкы адамдар баш калкалаар жай издешкен, кийим-кече кийүүгө аракет жасашкан. Алгачкы адамдардын жашоосу үңкүрлөрдө өткөн. Ушундай үңкүрлөр Кыргызстанда Нарын шаарынын Теке-Секирик үңкүрүндө, Сары-Жаз суусунун жээктеринде, Ак-Чуңкур үнкүрүндө табылган. Кыргыз тарыхында алгачкы коомдун адамдары аңчылык, малчылык менен кесип кылганы белгилүү. Биринчи адамга жакындаган ит болгондугу, андан кийин кой, эчки андан соң бодо малдарды багышкан. Айтылышы оңой болгону менен бул тарых бүткүл дүйнөлүк тарыхтын тизиминде далил катары колдонулушун ар бир кыргыз инсаны билүүгө тийиш. Ушул мезгилдеги алгачкы адамдардын издери Орто-Азияда, анын ичинде Кыргызстанда Аламүдүн суусунун жээгинде, Токмоктун жанында, Ысык-Көлдөгү Чолпон-Ата шаар чалдыбарында, Шаркыратма суусунун Нарын суусуна куйган куймасында табылгандыгы кыргыз тарыхын дүйнөгө таанытат.

Тарыхта жазылып калгандай бодо мал баккан кыргыздар Арпа жайлоосунда байыртан бери жашашса, алгачкы коомдогу темирди иштетүү (б.з.ч. 3-2-миң жылдыкта) көк түрктөргө, анын ичинде кыргыздарга таандык экендиги дүйнөгө белгилүү Саймалы-Таштагы аскага чегерилген сүрөттөр далил боло алат. Б.з.ч. 1-миң жылдыкта Орто-Азия, Казакстан, Кыргызстандын территориясында көчмөн малчылардын уруулары сактар, уйсундар, хуннулар жашаган. Ал эми Нарын шаарынын ичиндеги Ала-Мышык, Ак-Коргон, Айгыр-Жал көрүстөндөрүн 60-70-жылдары дүйнөгө белгилүү окумуштуу-тарыхчы А.Бернштам казуу жүргүзүп археологиялык табылгалар байыркы сактарга, кийинки түрктөргө, андан кийинки калмактарга таандык экендигин далилдеген. Бул тарыхый даректер Нарын тарыхын мындай далилдейт.

«Сактар экиге – теңир-тоолук малчылар жана парканалык (ферганалык) жер иштеттүүчүлөргө бөлүнгөн.

Дүйнөнүн тарыхындагы белгилүү жоокер баскынчы жана мамлекеттик ишмер Александр Македонский (Искендер Зулкарнайын) б.з.ч. 328-327-жж. Кыргызстанга жасаган жортуулу ишке ашпай калып сактар өз жерин коргоп калышкан. Байыркы грек тарыхчысы сактарда матриархат( Энелик доор) өкүм сүрүп тургандыгын алардын «аялдары согуштук коркунуч туулган мезгилде эркектерге каармандык жардам көрсөтөт» деп жазып калтырган.

Ал эми алар сүт, эт менен азыктанышкан, жүндөн токулган кийим кийишип, тегерек түбү бар териден жасалган идиш-аяктарды пайдаланышкандыгы биздин тарыхта жаңылык деле эмес, азыр дагы ак калпак кийилет, жыгач усталар талдан кереге, уук, түндүк, чамгарак, босого-таяк, аяк-табактарды, арча, кайың, карагайдан эшик, бакан, челек, алабакан, ат мамы, сандык, такта, ыргай-четинден укурук, казыктарды, камчы сап таяктарды, тирөөчтөрдү, теректен ээр чаап, аяк, табак, сузгу, чөмүч жасашчу, койдун жүнү, топоз, жылкы, топоздун кылы, төөнүн чуудасынан кийиз, алакийиз, шырдак, туурдук, үзүк, түндүк жана эшик жабууларды, жабык баштарды, кулун желе, нокто, тердик, желдик жасашчу, аркан эшип чылбыр чыйратышып, өрмөк өрүп, кырчоо, желбоо, үзүк, туурдук, уук, кереге боолору, баш чалгыч тегирич, тизгич ж.б. жасашчу. Ак

тайлактын жүнүнөн чепкен, таар токушчу, чийден чыгдан, керегени калай турган кооз оймолуу чийлерди чырмашчу, ийленген териден кайыш, булгары, сабаа, чанач, көнөчөк, көөкөр жасашкан, кайыштан жүгөн, нокто, тизгин, басмайыл, көмөлдүрүк, куюшкан, чаболоң, канжыга даярдашчу, эликтин шыйрагынан камчы сап жасалчу, ээрге төөнүн терисин капташчу, билерик, сөйкө, шакек, чолпу, чач учтук, бермет, седеп шуруларды жасашкан [1]. Булар азыр да сакталуу. Сактар Алтай, Сибирия, Персия жана Кара деңиз боюндагы элдер менен алакалашып турган. Ал эми Орто Азияда алгачкы кул ээлөөчүлүк мамлекеттер Паркана (Фергана) (б.з.ч. 1-к.) же Даван мамлекети, Кушан мамлекеттеринин тарыхынын биздин аймак менен байланыштары болгон. Мисалы, Кушан мамлекети 6-кылымда эфталиттер (гунндар, хуннулар) менен толукталып түрктөргө баш ийип, 8-кылымда Теңир-Тоого, Чүйгө, Таласка сиңип кетишкен.

Түрк урууларын 6-кылымда Бумын (Тумын) бириктирген мезгилде жана 552-жылы белдүү мамлекет түзүлгөн кезде Улуу Жибек жолу Чыгыш менен Батышты, Жер ортолук денизи менен Европага чейинки соода жолун ачкан. Улуу Жибек жолу биздин аймакта Барскоон (Ысык-Көл облусу) – Кичи Нарын – Эки-Нарын – Теке-Секирик – Таш-Рабат маршруту боюнча өткөндүгү белгилүү. Ак-Чуңкур үнкүрүнөн жошо менен тартылган сүрөттөр жана таш куралдары табылса, ушундай таштан жасалган эмгек куралдары Нарындын чыгышындагы Теке-Секирик үңкүрүнөн чыккан. Бул тарых эстеликтери кыргыздардын афтотондуу эл болгондугунун далилдейт.

Ал эми Ал-Истахринин «Китаб масолик ал-мамалик» аттуу китебинде тогузгуздар Тибет менен Хозлад, хыргыз жана Син падышачылыгынын ортосунда жашашкан деп жазылган [1]. Бул аймак азыркы Нарын шаары жана облусу ээлеген жери болуп эсептелет. Перс тилинде жазылган, З.П.Ворожейкина которгон «Худуд ал-алам» («Граница мира») китебинде «Он биринчи көл – бул Ысык-Көл, ал чигилдер менен тогузгуздардын ортосунда орун алган» [2] деп жазылып, Ал-Истахринин эмгеги менен «Худуд ал-алам» эмгеги бири-бирин толуктап турат. Чигилдер – Борбордук Теңир-Тоону жана Жети-Сууну жердеген уруулардын ичинен белгилүүлөрүнөн болушат, алар караханийлер мамлекетин курууда негизги ролдо ойношкон. «Дагы бир суу агат – ал Хатлам суусу, ал Манса (Жетим-Тоо) тоосунан башталат да, халлухалар менен ягмалардын ортосуан агып өтөт, Хатламдын чек арасына жетип, андан соң Бабага жана ягма Өзгөн суусуна куят». (Хатлам – Нарын деген түшүнүктү же аталышты берсе, ягма – нарындыктар дегенди билдирет деп жыйынтыктоого болот).

Араб-перс булактары Нарын жөнүндө (1517-1527-жж.).

Араб жана перс тарыхый булактары кыргыздар жөнүндө жаңы маалыматтарды берип келе жатат. Султан Саид хандын айтканы «Рашид-хан Моголстанда калган кезде Тахир-хан Өзбекстанда бийлик кылып турган, Тахир-хан жагдайга жараша Моголстанга (Теңир-Тоого) жүрүшкө чыккан, ал Качкарга (Кочкорго) жакындаган. Кыргыздардын жарым-жартылайы ага кошулган. Муну алдын-ала сезген Рашид-султан кыштын чилдесинде (Нарын аркылуу) Ат-Башыга көчкөн. Хан бул окуяны угаары менен Ат-Башыга келип, өзүнүн уулу менен жолугушуп, элди тынчтандырат. Жазында өзбек (казактар) Чыгыш Моголстанга кайтышты. Рашид-султандын кол астындагылар Күч-Кара жергесинде кала беришти… Хан менен Султан-Саид, Рашид-султан менен кошуп Кочкордогу кыргыздарды Ат-Башыга алып келишибизди талап кылды, өзү болсо Кашкарга барып элди чогултам деди. Мен болсо Моголстанда калып элди өзүбүзгө үгүттөөнү, бийликти бекемдөөнү тапшырды. Хан кайтып келгенден кийин мага Кашгарга барып Моголстанга (менин) жогорку даражалуу жеңем Султан Нигерханумду алып кел, ал киши мени менен Тахир-хандын ортобузда данакер болсун жана ортодогу араздашууну тынчтык жолу менен чечсин [1] деген үчүн мен ханышаны алып келдим. (Султан Нигерханум – Юнусхандын төртүнчү кызы, Юнус-хан болсо Моголстандын ханы эле. Адегенде Нигерханум мырза султан Махмудга турмушка чыккан, Махмуд Султан Абу Саиддин баласы болгон, ал өлгөндөн кийин Нигерханумду казак султаны Адикке узатышкан, ал Жаныбек хандын баласы эле, Адик өлгөндөн кийин Нигерханумду Касым-хан алган, Касым өлгөндөн кийин ал Кашгарга көчүп келген). Мен (Султан Саид) Нигерханумду алып келгенде хан Ак-Сайда эле… Ошол мезгилде Рашид-хан жүрүшкө

даярданып жатып ооруп калат. Анын бактысына Ак-Сайда Хазрад ходжо (Эшен) эс алып жүргөн болот да, үч күндө айыктырган.

Андан аркы окуя кыскача мындай баяндалат. Хан 40 күндүк жолду 12 күндө басып өтүп Ак-Кубашыга жеткен. 5 миң аскери менен калып, мени (Султан Саид) калган Рашид-султандын аскерлери менен Арышлярдагы кыргыздарга жөнөттү. Кусандан келген Бабажак-султан (султан Ахнад хандын баласы) кыргыздарга кол салып, андан соң чегинүүгө дуушар болгон мезгил экен. Кыргыздар анын артынан сая түшүшкөн. Андан бир аз жылгандан кийин биз 100 миңге жакын ээсиз жайылып жүргөн койлорго туш келдик, алар кыргыздарга таандык экен. Биз аларды өзүбүзгө энчилеп алдык, кыргыз-казак биригип кеткенин көрүп биз согушканыбыз жок. Себеби, биз кыргыздарга сес көрсөтөлү деп келген элек, казактар менен ишибиз жок эле. Бул жүрүш «Кой чериги» (Кой жүрүш) (Баранный поход) деп аталып калган.

Ошентип Тахир-хан Кашгарга кире качкан. Ал Рашид-Султандын аскерин дагы Кашгарга чогулткан, себеби алар казактардын каршылыгынан чочулаган. Бардыгы Кашгарга чогулган кезде жаздын кеч мезгили болуп кайра кайтуу кыйын болгон. Ошол мезгилде казактардын жортуулу токтоду деген кабар келген. Жаздын башталышында (1527-жылы) Тахир-хан кыргыздар менен келип Ат-Башыдагы калып калган кыргыздардын, моңолдордун жылкысын тийип кеткен деген маалыматтар бар.

**Нарын 15-16-кылымдарда.**

Негизги булактар – В.В.Бартольддун эмгектери («Тянь-Шандык кыргыздар 16-17-кк.», «Жети-Суу тарыхынын очерктери»), 1540-ж. чыккан Мырза Хайдардын Та-рих-и Рашиди (фарс тилинде) эмгеги, андан кийинки мезгил боюнча «Кашгардын тарыхы», Махмуд Чурастыкы (1670-1682-ж. Ысмайыл хадын учурунда жазылган) .

Чынгыз хандын экинчи баласы Чагатайдын мезгилинде Жети-Суу деп аталган. Ошол тоолуу өлкөдө чагатай хандарынын бири Эсен-буки Ысык-көлдө, Моголстанда бийлик жүргүзгөн. 1416-жылы Моголдордун ханы Мухамед-хан өлгөн. Ал өзүнүн кол алдындагыларга башына чалма кийип жүрүүнү буюрган, аткарбагандардын башына мык каккан. Ал Таш-Рабат кербен сарайын курдурган, ал Чатыр-Көлдүн түндүгүндө орун алган. Н.А.Аристов «Кара-кыргыздар… 14-16-кк. батыш Тянь-Шанда (Теңир-Тоо) жашашкан», [1] - деп жазган.

Колдонулган адабияттар:

1. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов. - Бишкек,1996.
2. Караев Ө. Восточные авторы о кыргызах. - Бишкек,1994.
3. Табалдиев К.Ш. Древние памятники Тянь-Шаня. - Бишкек, 2011.
4. Токобаева Г.Ш. Ички Теңир-Тоолук инсандар. - Бишкек, 2011.